# Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногу

*(2012-жылдын октябрь айы)*

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Октябрь айында банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн жалпы деңгээли өткөн айга караганда 24,3 пайызга, 2,7 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Мындай өсүштүн негизги себебинен айрым банктардагы үстөк камдар көрсөткүчүнүн көбөйүүсү болгон, ошол эле учурда калган көпчүлүк ФКМдерде бул көрсөткүчтүн чоңдугу боюнча кыйла төмөн көлөмдөгү ар тараптуу динамика байкалган. Мында, рыноктун айрым катышуучуларына кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүк зарыл болуп, натыйжада октябрь айында берилген «овернайт» кредиттеринин көлөмү 1,4 млрд. сомго чейин (3,9 эсе) кескин түрдө өскөн. Улуттук банктын эсептик чен базасынын негизинде эсептелинген мындай кредиттер боюнча чен, кезектеги жолу жыл башынан бери төмөндөп, октябрь айында 4,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Бүтүндөй алганда, карыз алышуулардын ички банктар аралык рыногундагы операциялардын чогуу алгандагы көлөмү сентябрь айындагы көрсөткүчкө караганда 39,3 пайызга азайып, 396,7 млн. сом чегинде калыптанган. Өзгөчө, репо шарттарында келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 37,3 пайызга, 389,2 млн. сомго чейин, ал эми банктар-резиденттер ортосунда чет өлкө валютасында операциялары – 77,1 пайызга, 7,6 млн. сомго чейин азайган.

Кароого алынган мезгил ичинде коммерциялык банктар ортосунда улуттук валютада карыз алышуулар, мурунку ай ичиндегидей эле ишке ашырылган эмес.

**2-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы күндөлүк жүгүртүүлөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Репо шарттарында банктар аралык карыз алышуулар көлөмүнүн жана санынын азайуусу, мындай операциялар боюнча чендердин төмөндөшүнө алып келген, ал октябрь айынын акырына 6,6 пайызды түзгөн (-1,4.п.п), ошол эле учурда банк-резиденттер ортосунда чет өлкө

валютасындагы кредиттер боюнча чен мурда 3 пайыз деңгээлинде сакталып калган. Октябрь айында банктар аралык кредит рыногунда катталган карыз алышуулардын бардык түрлөрү 7 күнгө чейинки мөөнөткө жүргүзүлүп, ал эми бүтүмдөр боюнча орточо салмактанган мөөнөт 3 күндү түзгөн.

**3-график. Банктар аралык кредит рыногунда резидент эмес банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Октябрь айында кредиторлордун концентрациялануу индекси 0,33дөн 0,47ге чейин жогорулаган, ошол эле мезгилде дебиторлордун концентрациялануу индекси тескерисинче, 0,5ден 0,37ге чейин төмөндөгөн. Бул индекстердин маанилери рыноктун концентрациялануу деңгээли жогору экендигин жана анын рынокто бирдей үлүшкө ээ эки кредитордун жана үч карыз алуучунун катышуусуна ылайык келгендигин көрсөтүп турат.

Мурдагыдай эле бир коммерциялык банк тарабынан түзүлүп келген банк-резиденттер менен валюта түрүндөгү кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү 44,2 пайызга жогорулап, улуттук валютада эсептегенде 612,3 млн. сомду түзгөн. Мындай операциялардын бардык көлөмү АКШ долларында ишке ашырылып, жогоруда белгиленген банк мурдагыдай эле кредитор катары иш алып барган. Айдын акырына банк-резиденттер менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,4 пайызга (+0,4 п.п.) чейин жогорулаган.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Октябрь'2011 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 40,0 | 1 | 10,0 | - | - | 40,0 | 10,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 61,0 | 2 | 11,3 | - | - | 40,0 | 12,0 | 21,0 | 10,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2012 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | 40,0 | 1 | 10,0 | - | - | 40,0 | 10,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 250,0 | 2 | 6,0 | 150,0 | 8,0 | 100,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 177,0 | 4 | 6,6 | 25,0 | 3,0 | 152,0 | 7,2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 160,0 | 3 | 8,0 | - | - | 160,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 150,0 | 3 | 7,8 | - | - | 100,0 | 7,8 | 50,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 100,0 | 2 | 8,0 | - | - | 50,0 | 8,0 | 50,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Октябрь'2011 | 653,1 | 12 | 10,0 | 81,4 | 10,0 | 571,7 | 10,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 563,1 | 14 | 10,2 | 170,4 | 10,2 | 392,7 | 10,2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 460,4 | 15 | 11,8 | - | - | 408,0 | 11,9 | 52,4 | 10,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2012 | 225,7 | 6 | 11,3 | 72,7 | 12,0 | 128,0 | 11,0 | 25,0 | 11,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | 522,5 | 15 | 10,4 | 173,7 | 10,4 | 348,8 | 10,4 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 525,9 | 19 | 9,3 | 95,2 | 9,0 | 430,7 | 9,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 242,8 | 7 | 7,1 | 104,7 | 7,0 | 138,0 | 7,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 792,7 | 15 | 7,7 | 190,1 | 7,5 | 602,5 | 7,8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 820,6 | 19 | 8,2 | 231,5 | 8,2 | 534,6 | 8,2 | 54,4 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 261,4 | 4 | 7,8 | - | - | 261,4 | 7,8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 578,4 | 10 | 8,0 | 13,2 | 8,0 | 565,2 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 620,7 | 11 | 8,0 | 98,1 | 8,0 | 522,6 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 389,2 | 5 | 6,6 | 100,1 | 7,5 | 289,1 | 6,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

**3-таблица. Резидент банктардын ортосунда четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Октябрь'2011 | 4,0 | 1 | 3,0 | 4,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 18,6 | 1 | 5,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | 18,6 | 5,0 | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2012 | 9,5 | 3 | 3,0 | 9,5 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 70,1 | 4 | 0,0 | - | - | 23,4 | 0,0 | 23,4 | 0,0 | 23,4 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 112,4 | 6 | 0,0 | - | - | 89,0 | 0,0 | 23,5 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 38,4 | 4 | 0,2 | 3,2 | 3,0 | 35,3 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 56,0 | 4 | 0,5 | 2,9 | 3,0 | 53,1 | 0,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 33,0 | 1 | 0,0 | - | - | 33,0 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 33,1 | 6 | 3,0 | 24,1 | 3,0 | 9,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 7,6 | 1 | 3,0 | - | - | 7,6 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |